Эрогоп! 03.04.2018.

Ү.Калиев атындагы Чолпон жалпы орто билим берүү мектебинин "Акыйкатчылардын" төрайымы Өмурова Жылдызкул Жеңишовнага Чолпон айылынын тургуну Сыдыкова Светадан

Арыз

Менин Сизге арыз жазуумдун себеби, уулум, Марсов Дастандын орус тили сабагы туура эмес бааланып жатат. Ушул ишти карап, чечип берүүңүздү суранам.

Арыз ээси: Сыдыкова Света

02.04.2018-жыл

**Бекитемин**

Мектеп директору:

Термечиков М.А.

3-сентябрь 2020-жыл

**Ү.Калиев атындагы Чолпон жалпы билим берүү мектебинин**

**"Акыйкатчылар" кеңешинин иш планы.**

| № | Иштин мазмуну | мөөнөтү | Ким жоопту |
|---|---|---|---|
| 1. | "Акыйкатчылар" кеңешинин комиссия мүчөлүрүн түзүү.төр айымын шайлоо жана жобосун иштеп чыгуу. | Сентябрь айы | Мектеп админстрасиясы Комиссия мүчөлөрү |
| 2. | "Акыйкатчылар" кеңешинин иш планын иштеп чыгуу | Жыл бою | Комиссия мүчөлөрү |
| 3. | "Акыйкатчылар"кеңешине түшкөн арыздарды, көйгөйлөрдү чечүү | Жыл бою | Комиссия мүчөлөрү |

Акыйкатчылар кеңешинин төрайымы: Омурова Ж.Ж

**Ү.Калиев атындагы Чолпон жалпы орто билим берүү мектебинин**

**“Акыйкатчылар” кеңешинин**

**Протоколу. №1**

Катышкандар: 6

Келбегендер:0

Каралуучу маселе:

Сыдыкова Светанын арызы боюнча уулу Марсов Дастандын орус тили сабагынын туура эмес баалоосу.

Угулду:

“Акыйкатчылар” кеңешинин төр айымы Жылдызкүл Өмүрова мындай деди:

- Сыдыкова Света эжебиздин арызы боюнча уулу Марсов Дастандын орус тили сабагынын чейректик баасы төмөндөлүп коюлуп атканын айтууда. Анда сөзду Света эжеге берели.
- Сыдыкова света – уулум Дастан бардык сабактарын аракеттенип, тырышып окуйт. Анан эмнеге эле орус тилден “4” деген баа чыгат?
- Орус тили мугалими Ниязова Асел:
- Дастандын менин сабагымда өтө активдүү катыша бербейт. Сабактан да көп калат. Мен окуучунун билим деңгээлин билим берүү системасынын чегинде эле баалап жатам жана дагы классагы окуучулардын баалоосун да колдономун. Ачык сабактарда катышып жүргөн мугалимдердин да айтуусу менен да бааланып жатат.

**Чечим:**

Үч тараптын келишими менен мугалимдин жана энесинин макулдулугу менен Дастанга кошумча сабак өтүлсүн. Өтүү күнү мугалим жана ата-эненин макулдугу менен жуманын 2 күнүндө туштөн кийинки убакта кошумча сабак өтүлсүн.

“Акыйкатчылардын” төр айымы: Өмүрова Жылдызкүл

**Ү.Калиев атындагы Чолпон жалпы орто билим берүү мектебинин**

**“Акыйкатчылар кеңешинин**

**Жобосу**

**Максаты :**

-мектепке окуучуларга билим берүүдө жана мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоодо жана ата-энелерде жаралган көйгөлөрдү түзүлгөн комиссиялардын талкуусунда акыйкаттык жол менен чечүү;

- Мугалимдин, окуучунун, ата-эненин укугун бузулбашын көзөмөлдөө.

-Элдик педагогиканы үй-бүлө тарбиясында пайдаланып көйгөлөрдү чечүү.

**1. “Акыйкатчылардын” кеңешинин түзүлүшү.**

“Айкатчылар” кеңеши Ү. Калиев атындагы Чолпон жалпы орто билим беруу мектебинин базасында түзүшөт.

Алгач “Акыйкатчылар” кеңешинин комиссиялары түзүлөт. Буга мектеп администратсиясы профком, ата-эне жана коомчулук ( депутаттар айыл аксакалдары) кирет. “Акыйкатчылар” кеңешинин жобосу жана иш чарасы түзүлүп пед.кеңеште каралып, мектеп директору тарабынан бекитилет.

**2. “Акыйкатчылар” кеңешинин ишмердүүлүгүнүн башка багыттары жана мазмуну**.

- Кеңешме атайын кайрылуунун негизинде өтүлөт.
- Көйгөйдү чечүүдө мугалимдин милдети, окуучунун укугу, ата-эненин милдеттерин түшүндүрүү
- Билим баалуулугу .
- Мугалимдин, окуучунун жана ата-эненин жаралган көйгөйүн анализдеп, кыйын абалдан чыгуу боюнча иш -чараларды түзүү, көйгөйлөрдү чечүү жолдорун үйрөнүү.